УДК: 338

*Малаев Э. Т., экон. илимд. канд.*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

## КАРАКОЛ ШААРЫНЫН ЭКОНОМИКАДАГЫ ОРДУ ЖАНА ӨНҮГҮҮ КЕЛЕЧЕКТЕРИ

*Макалада Каракол шаарына кыскача мүнөздөмө берилип, шаардын экономикалык абалы анализденип, андагы кээ бир көйгөйлөр, шаардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрү жана шарттары каралган. Ошондой эле өндүрүш тармагы, аарычылык тармагы, сүт тармагы, тери иштетүү, соода жана туризм тармактары каралган. Ар биринин мүмкүнчүлүктөрүнө кеңири токтолуп, келечектеги өнүгүү жолдору камтылган. Каракол шаары – өнөр жайы, орто жана чакан ишкердик тармагы динамикалуу өнүккөн, күчтүү экономикалык дарамети бар, жайкы туризм жана кышкы тоо лыжа кластери өнүккөн, өзүнүн бизнес идеяларын ишке ашыра алган жергиликтүү ишкерлер, жаш ишкерлер жергиликтүү бийлик тарабынан колдоого алынган шаар.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *Каракол шаары, экономика, өндүрүш, соода, туризм.*

*Малаев Э. Т., канд. экон. наук*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

## МЕСТО И РОЛЬ ГОРОДА КАРАКОЛ В ЭКОНОМИКЕ И ПРЕСПЕКТИВЫ РАЗВИТИЯ

*В данной статье рассматривается краткая характеристика города Каракол, а также проанализировано экономическое состояние города, выявлены некоторые проблемы, рассмотрены условия и экономические возможности развития города. Также рассматриваются направления производства: мёд, молоко, производство изделий из шерсти и шкуры, торговля и туризм. Подробно рассматриваются возможности и пути развития города Каракол. Город Каракол – это город с динамично развивающейся промышленностью, сектором среднего и малого бизнеса, мощным экономическим потенциалом, развитым кластером летнего туризма и зимнего горнолыжного спорта, местными предпринимателями, способными реализовать свои бизнес-идеи и пользующимися поддержкой местного самоуправления.*

**Ключевые слова:** *город Каракол, экономика, производство, торговля, туризм.*

*Malaev Emil Turatbekovich,*
*Issyk-Kul State University named after K. Tynystanova*
*Faculty of Economics, Tourism, History*
*Kyrgyzstan,*

## PLACE AND ROLE OF THE CITY OF KARAKOL IN THE ECONOMY AND DEVELOPMENT PROSPECTS

*This article discusses a brief description of the city of Karakol, as well as analyzes the economic state of the city, identifies some problems and considers the conditions and economic development opportunities. The manufacturing industry, honey, dairy, the production of wool and hide products, trade and tourism are also considered. The possibilities and ways of development of the city of*

*Karakol is considered in detail. The city of Karakol is a city with a dynamically developed industry, medium and small business sector, strong economic potential, a developed summer tourism and winter skiing cluster, local entrepreneurs who are able to realize their business ideas and are supported by the local government.*

***Key words:*** *City of Karakol, economy, production, trade, tourism.*

Ысык-Көл облусу Кыргыз Республикасынын түндүк-чыгыш бөлүгүндө жайгашып, Түндүк-чыгышынан Казакстан Республикасы, түштүк-чыгышынан Кытай Эл Республикасы, түндүк-батышынан Чүй облусу жана түштүк батышынан Нарын облусу менен чектешет. Облустун жалпы аянты 43,1 миң чарчы км же Кыргыз Республикасынын аймагынын 22 пайызын түзүп, курамына 5 район, 3 шаар (облустук маанидеги 2 шаар – Каракол, Балыкчы жана райондук маанидеги бир шаар – Чолпон-Ата), шаар тибиндеги 2 поселок жана 61 айылдык аймак кирет. Алар:

- Түп району – Түп айылы (райондун борбору)
- Ак-Суу району – Теплоключенка айылы (райондун борбору)
- Тон району – Бөкөнбаев айылы (райондун борбору)
- Жети-Өгүз району – Кызыл-Суу айылы (райондун борбору)
- Ысык-Көл району – Чолпон-Ата шаары (райондун борбору)
- Каракол шаары
- Балыкчы шаары [3].

Ысык-Көл облусунун административлык борбору болуп биз төмөндө кеңири токтоло турган, жаштардын, маданияттын, туризмдин жана экономикасы жогору, келечектин очогу **Каракол** шаары саналат.

Каракол шаары Республиканын борбору Бишкек шаарынан 420 км аралыкта жайгашкан, жакынкы Балыкчы темир жол станциясынан 220 чакырым алыстыкта турат.

Эл аралык рынокторго түздөн-түз жетүүгө мүмкүн болбогондуктан, өлкөнүн башка аймактары аркылуу байланыш жүргүзөт. Кытай өлкөсүнө Торугарт аркылуу жакынкы чек арасына жетүү үчүн 550 км, Казакстандын Алматы шаарына автоунаа жолу менен Бишкек шаары аркылуу 700 км жана Тамчы айылындагы «Ысык-Көл» эл аралык аэропортуна 170 км аралыкта жайгашкан [6].

**Каракол** шаары 1869-жылы Чүйдөн Кашкарды көздөй кеткен кербен жолунда манап Көлбарска шаар негиздегенге жер табуу жана аны түптөө буйругу боюнча негизделген. 1869-жылдын биринчи кулжа айында шаардын биринчи көчөлөрү, аянты жана конок үйү курулган. Бул күн шаардын түптөлүү күнү катары белгиленип, анын жанынан өткөн суунун "Каракол" деген ысымын алып калган.

Шаар генералдык план боюнча түз кырдуу салынган жана көптөгөн жашыл бакчалардан турат, анткени ал учурдагы шаардын мыйзамына ылайык, ар бир курулган үйдүн алды-артында гүл бакча болуусу зарыл болчу. План боюнча, гүлзарлуу шаар түптөө эле. Борбор Азиянын башка шаарларына салыштырмалуу, курулган үйлөр да башкача типте салынып келген. 1887-жылга чейин, негизинен, топурак-бетон үйлөрү салынып келинсе, ал эми 1887-жылдан кийин шаарда жыгач үйлөрдүн саны өсүп, алар жыгачтан кесилип жасалган бай оймолордон турган.

1872-жылы Караколдо 132 үй короосу курулган. 1897-жылы шаардын калкынын саны 8108 адамга жеткен. Учурда шаарда, болжол менен, 84351 (2022-жылга карата) адам жашайт [5].

Шаар бир нече жолу өз атын өзгөрткөн: 1889-жылга чейин Каракол деп аталса, андан кийин орус падышасынын буйругу менен орус саякатчысы жана изилдөөчүсү Н. М. Пржевальскийдин ысымы ыйгарылган. Н. М. Пржевальский Караколго жасаган өзүнүн бешинчи жолку саякатында көз жумган. Анын аманаты менен сөөгү Ысык-Көлдүн жээгине коюлган.

1922-жылы шаарга Каракол аты кайтарылган. Ал эми 1939-жылы Н. М. Пржевальскийдин жүз жылдыгына карата шаар кайрадан анын ысымын алып жүргөн. 1992-жылы Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан соң, шаар Каракол деп аталып келүүдө.

Төңкөрүшкө чейин, Кыргызстандын башка шаарларына салыштырмалуу, Каракол шаарынын маданияты жогору турган. Бул шаардан көптөгөн саякатчылыр, окумуштуулар жана илимпоздор чыгып, Борбор Азияны изилдөөлөргө чоң салым кошушкан. Шаарда Кыргызстанда биринчилерден болуп Я. И. Корольковдун ысымын алып жүргөн метеостанция 1887-жылы ачылган. Ошондой эле Н. М. Барсов атындагы алгачкы коомдук китепкана, 1907-жылы штабс-капитан В. А. Пяновскийдин буйругу менен жылкы заводу курулган.

Экономикалык жактан шаар Ысык-Көл чөлкөмүнүн борбору катары жакшы өнүгүп келген. 1894-жылы шаардын кирешесинин 34%ы соода-сатыктан түшүп турган. Ошону менен бирге эле шаарда өнөр жай курулуштары да ишке кире башташкан. 1914-жылы шаарда жана анын аймактарында 60 чакан өнөр жай ишканалары иштеп келген.

Азыркы учурда **Каракол** шаары – бүткүл дүйнөгө өзүнүн кооз жаратылышы жана ар түрдүү туристтик мүмкүнчүлүктөрү менен таанымал шаар. Анын ичинде лыжа базасы, жер астынан чыкчу ысык суулары, Ысык-Көлү жана экстремалдык спорттун түрлөрү болгон парапланеризм, тоо велосипед спорту жана альпинизм бар. Ошондой эле Каракол шаары тоо лыжа курорту жагынан КМШ өлкөлөрүнүн арасында эң мыкты беш өлкөнүн тизмесине кирет.

**Каракол** шаарынын экономикалык потенциалы күчтүү жана ал Кыргызстанда төртүнчү ири шаар болуп эсептелет. Каракол шаары өзүнүн айланасындагы Жети-Өгүз, Түп жана Ак-Суу райондорунун элине экономикалык жактан активдүүлүккө шарт түзүп турат.

Аталган 3 райондун бүгүнкү күндөгү калкынын саны 217,7 миң кишини түзөт. Бул райондордон күнүнө Каракол шаарына болжол менен 30 мин адам кирип чыгат, келечекте бул көрсөткүч 3 эсеге көбөйөт. Бул үч район келечекте Каракол шаары менен экономикасы, социалдык-саясий турмушу, көрүнүктүү маданият очогу бириккен, борбору Каракол болгон өзүнчө аймак катары өнүгөрүндө шек жок.

Экономиканын өсүшү ички суроо-талаптардын өсүшүнө ылайык жүргүзүлөт. Экономиканын негизги секторлору болуп кайра иштетүү, өндүрүш тармагы жана кызмат көрсөтүү болуп эсептелет. Өндүрүштүн алдыңкы өнүккөн тармактары болуп айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү, тамак-аш продукцияларын жана курулуш материалдарын чыгаруу эсептелинет.

Өнүгүүгө багыт берген эң негизги тармактардын бири – кайра иштетүү өнөр жайы, себеби ЕАЭБ уюмуна жана алыскы чет өлкөлөргө чыгарылган продукцияны экспорттоо иштеп жаткан ишканалардын негизги максаты болуп саналат. Азыркы учурда Каракол шаарында техникалык талаптардын регламентине ылайык

сертификациядан өткөн төмөндөгү ишканалар иш алып барууда: «Нектар» ыктыярдуу бал челекчилер коомдук бирикмеси, жетекчиси – Галиева М. А.; «Фаир» жоопкерчилиги чектелген коому, жетекчиси – Шафигулина М. Ш. (нак шире чыгаруу, этти кайра иштетүү, балык продукциясын кайра иштетүү); «Ак-Булак плюс» ЖЧК, жетекчиси – Чикеев Н. Д. (сүттү кайра иштетүү). Бул ишканалар Каракол шаарында жана жакынкы райондор боюнча өнүккөн өнөр жай ишканаларынын алдыңкылары болуп, жакынкы аймактардагы айыл чарба продукциясын кайра иштетүү менен өнүгүүгө түрткү берет.

Каракол шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн 2021-жылдагы жыйынтыгы боюнча маалыматтарга токтолуп, анализдей кете турган болсок, өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү жалпысынан 2268820,1 мин. сомду түзүп, 2020-жылга салыштырмалуу 365053,5 миң. сомго көп аткарылып, 2020-жылга карата өсүү темпи 113,5% түзгөн (2020-ж.- 1903766,6 мин. сом).

Электр энергиясын кошпогондо, 2021-жылдын аягына карата өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү жалпысынан 711400,2 мин. сомду түзүп, 2020-жылга салыштырмалуу 263455,9 мин. сомго көп аткарылып, өсүү темпи 111,9% түзгөн (2020-ж.- 447944,3 мин. сом). 2021-жылдын жыйынтыгы менен физикалык индекстин көлөмү 111,7% түздү.

**Таблица 1. 2021-жылдын аягына карата өсүү темпи боюнча натыйжалуу көрсөткүчкө жетишкен ишканалар:**

| № | Ишкананын аталышы | Накта, далил 2021-ж. | Накта далил 2020-ж. | өсүү темпи, % |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Улан» ААК | 2173,1 | 1405,1 | 147,3 |
| 2. | «Жылуулук» коммуналдык ишканасы | 21922,6 | 18380,6 | 113,6 |
| 3. | «Суу түтүк» коммуналдык ишканасы | 45409,8 | 34659 | 124,8 |
| 4. | «Төштук-Каракол» ЖЧК | 15065,5 | 10976,0 | 130,7 |
| 5. | «Полиграфпечать» ЖЧК | 592,0 | 363,4 | 155,1 |
| 6. | «Дархан» ЖЧК | 4102,6 | 2240,1 | 174,4 |
| 7. | «Тазалык» КИ | 12888,8 | 11496,9 | 106,8 |

*Булак:* Каракол шаарынын 2021-жылга карата түзүлгөн аналитикалык отчету.

**Таблица 2. Отчеттук мезгилдин ичинде өнөр жай продукциясынын өсүү темпин 2021-жылга карата аткара албаган ишканалар:**

| № | Ишкананын аталышы | Накта, далил 2021-ж. | Накта далил 2020-ж. | өсүү темпи, % |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Каракольское УПП» ЖЧК | 14187,9 | 21529,0 | 62,8 |
| 2. | «Жылуулук камсыздоо» коммуналдык ишканасы | 40937,9 | 39420,0 | 98,9 |
| 3. | «Темир-Бетон» АК | 15874,7 | 15375,3 | 98,3 |
| 4. | «Мастер Принт» ЖЧК | 0,0 | 4,7 | 0,0 |
| 5. | «Айс-Квин-Каракол» ЖЧК | 1434,0 | 1795,7 | 76,1 |
| 6. | «Фаир» ЖЧК | 126,9 | 1823,2 | 49,0 |
| 7. | «Алем» ЖЧК | 194,5 | 233,6 | 79,3 |

*Булак:* Каракол шаарынын 2021-жылга карата түзүлгөн аналитикалык отчету.

Отчеттук мезгилдин ичинде 14 негизги өндүрүштүк ишканалардын ичинен 7 ишкана өз деңгээлинде иштеди, 7 өндүрүштүк ишкана өнөр жай продукциясынын 2020-жылга карата болгон өсүү темпин экономикалык кырдаалга байланыштуу, ар кандай себептер менен аткара алган эмес.

Бүгүнкү күндө Каракол шаары боюнча расмий түрдө бардыгы 1855 юридикалык чарба жүргүзүү субъектилери катталган, анын ичинен 1735 чакан, 78 орто, 42 чоң ишканалар, бюджеттик мекеме-уюмдар (саламаттык сактоо, билим берүү ж. б.) катталып, иш алып барууда.

2021-жылдын жыйынтыгы менен Каракол шаарында 175 жаңы чарбалык субьектилер ачылып, шаардын 262 жараны жумуш орду менен камсыз болгон, чарбалык субьектилердин негизги тармактары: кызмат көрсөтүү – 53, өнөр жай – 10, изилдөө жана өсүмдүк өстүрүү – 73, соода – 33, саламаттыкты сактоо – 1, ар башка тармактар – 5.

Каракол шаары боюнча 2021-жылга карата 360 тонна эт, 2020-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 100,3% (2020-ж. 359 тонна), 897 тонна сүт, 2020-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 101,5% (2020-ж. 884 тонна), 816 миң даана жумуртка өндүрүлгөн жана 2020-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 104,6% (2020-ж. 780 миң даана) түзгөн.

Каракол шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2021-жылдын аягында кирешеге каралган пландын көлөмү 261645,4 миң сомду түзгөн жана 284934,2 миң сом накталай түшүп, пландын аткарылышы 108,9% түзүү менен, 2020-жылга отчеттук мезгилде өсүү агымы 121,7% түзгөн. Ал эми 2020-жылга салыштырганда 50772,0 миң сомго ашыгы менен аткарылды, тактап айтканда, 2020-жылы накталай 234162,2 миң сомду түзгөн.

Бюджеттик мекемелердин киреше бөлүгүнүн атайын каражаттарын эсепке албаганда, отчеттук мезгилде жергиликтүү бюджеттин планы 250275,0 миң сом болсо, 277125,2 миң сом накталай түшүп, жыйынтыгында план 110,7% түзүү менен, 2020-жылга салыштырмалуу отчеттук мезгилде өсүү агымы 122,5% түздү. Ал эми 2020-жылга салыштырганда 50817,3 миң сомго көбүрөөк аткарылды, тактап айтканда, 2020-жылы 226307,9 миң сомду түзгөн.

Каракол шаарынын салык кызматынын маалыматты боюнча, 2021-жылдын 12 айлык план-прогнозу 103,3% аткарылды же план боюнча 577 543,6 мин.сом каралса, накталай 596 373,7 мин.сом түшүп, план 18 830,1 сомго көп түштү. Былтыркы жылга салыштырмалуу өсүү темпи 128,0% түзгөн.

Каракол шаарынын жергиликтүү бюджетин анализ кылып көрсөк, жергиликтуу бюджет менен алгылыктуу масштабдуу иштерди жүргүзүү мүмкүн эместиги байкалды. Жергиликтүү бюджеттин көпчүлүк бөлүгү утурумдук чыгымдарды каржылоого кетет.

2021-жылда тартылган инвестициялардын маалыматы төмөнкүдөй:

**Таблица 3. 2021-жылда тартылган инвестициялар**

| № | Долбоорлордун аталышы | Акча каражат | Каржы булагы |
|---|---|---|---|
| 1. | Каракол шаарына салынган эт комбинаты | 132,0 млн.сом | «Рейна Кенч» ЖЧК |
| 2. | Каракол шаарынын Нефтяник кичи районунда ФАП жана мечит курулду | 3,9 млн сом. | Араб өлкөсүнүн Катар фондусунун каражаты |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | Каракол шаарынын Токтогул көчөсүн реконструкциялоо (Манас көчөсүнөн тартып Күчүков шоссесине чейин) | 192567,2 миң сом | КР Транспорт жана жолдор министрлиги (ДЭП №35) |
| 4. | Каракол шаарынын Пржевальский көчөсүн реконструкциялоо (Көпүрөдөн тартып Күчүков шоссесине чейин) | 149112,6 миң сом | КР Транспорт жана жолдор министрлиги (ДЭП №35) |
| 5. | Таза суу түйүнүн реконструкциялоо | 1 663 200,0 (24 млн дол) | Азия өнүктүрүү банкынын долбоору (АБР) |
| 6. | Европа өнүктүрүү жана реконструкциялоо банкынын долбоору | 870 800,0 (11 млн евро) | Европа өнүктүрүү жана реконструкциялоо банкы (ЕБРР) |
| 7. | №5 бала бакчанын канализациясын капиталдык оңдоо, электр приборлорун алмаштыруу | 2 708 963 млн.сом | КР Финансы министрлиги тарабынан үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланган долбоорлор |
| 8. | Каракол шаарынын №9 орто мектебинин терезе блокторун алмаштыруу | 2 715 315 млн.сом | |
| 9. | ФСК (стадион) чыгыш блогунун капиталдык ремонту | 3 554 989 млн.сом | |
| 10. | Каракол шаарынын №15 орто мектебинин айланасына тосмо орнотуу | 3 216 761 млн.сом | |
| 11. | Каракол шаарынын №4 мектеп-гимназиясынын комбинациялуу спорттук аянтчасын куруу | 3 548 127 млн.сом | |
| | **Бардыгы:** | **3 024 614,9 миң сом** | |

Шаардын дүкөндөрү, супермаркеттери жана базарларында кыргыз жана чет өлкөлүк өндүрүштөгү ар кандай товарлар сатылат. Шаардын тегерегинде жайгашкан Ак-Суу, Түп, Жети-Өгүз райондорунун эли социалдык кызматтын басымдуу бөлүгүн жана күнүмдүк тиричилик муктаждыктарынын көпчүлүгүн Каракол шаары менен чечип келишүүдө. Чекене баада соода кылуу катмары – тамак-аш азыктарын, кийим-кече, уюлдук телефон, үй-тиричилик буюмдарын жана курулуш материалдарын сатуу – абдан өнүккөн. Товарлардын диапазону өтө ар түрдүү. 2016-жылдын январь-декабрь айларында Каракол шаарында 108 жаңы чакан чарбалык субьектилер ачылды: курулуш – 11, соода – 26, тейлөө – 43, ар башка тармактар – 28.

Каракол шаарында банктардын 15 филиалы жана 6 микрокредиттик уюмдар иштеп, жеке ишкерлерге ыңгайлуу шарттарда насыяларды берүү менен жеке ишкерлерди колдоого багытталган иш-чараларды алып барышат. Мындан тышкары, Каракол шаарында «Каракол» Кепилдик фондусу 2013-жылдан тартып жеке ишкерлерге колдоо көрсөтүп, алынып жаткан насыяларга кепил болуп, жетпей жаткан күрөөнүн наркына кепилдик берип, тиешелүү суммада акча каражатын банктарга төлөп беришет [6].

Каракол шаарында коомдук бирикмелер тарабынан бизнес өкүлдөрүнүн кызыкчылыгын сактап, төмөндөгүлөр активдүү иш алып барат: Жеке ишкерлер

ассоциациясы, «Каракол дестинациясы» коомдук бирикмеси, ЖИА Каракол. Каракол шаардык мэриясы жогоруда көрсөтүлгөн активдүү ишкерлердин бирикмелери менен иш алып барышат, мисалы, ай сайын ишкерлердин демилгеси менен Каракол шаардык мэриясынын адистери жана жеке ишкерлер жолугушууларды өткөрүп, ар кандай маселелерди чечүүнүн үстүндө иштешүүдө.

Каракол шаарындагы жашоочулардын жашоосунун сапатын жогорулатуу максатында Каракол шаарынын мэриясы тарабынан максаттуу топтор түзүлгөн. Максаттуу топторго Каракол шаарынын бизнес менен алектенген ишкерлери, Дестинация Каракол коомдук уюмунун мүчөлөрү, жаштар волонтерлор бирикмесинин мүчөлөрү, Жеке ишкерлер ассоциациясынын мүчөлөрү, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү, шаардык мэриянын адистери жана шаардык Кеңештин депутаттары кирет.

Каракол шаарын өнүктүрүү үчүн 2 максаттуу топ аныкталып, төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн:

Максаттуу топторго Каракол шаарынын өнүгүү програмасынын алкагында ар тараптуу колдоо жана көмөк көрсөтүлөт:

**Бизнестеги демилгелүү топ** - учурда ийгиликтүү иш алып барып жаткан ишкерлер. Шаардын өнүгүшүндө чоң салым кошкондугу эске алынбаган, эң негизги потенциалы өздүк бизнесин өркүндөтүү менен коомчулукка пайда келтиргендер кирет;

**Ишкерлер тобу** - айыл чарба продукциясын кайра иштеп чыгаруучу ишканалардагы ишкерлер жана соода-сатык жаатындагы ишкерлер. Учурда иштеп жаткан өнөр жай ишканаларынын дараметин жогорулатуу жана ишкерликти колдоо аркылуу жаңы ишканалардын санын өстүрүү.

**Муниципалдык кызмат тобу -** Каракол шаарынын муниципалдык ишканалары шаардын экономикасынын субъектиси болуп шаардын жашоочуларына кызмат көрсөтүү менен коомчулуктун мүдөөсүн аткарууга шарт түзөт.

Кыргыз Республикасынын 2018-2022-жылдарга карата Концепциясынын саясатын бекитүү жөнүндө жобосуна ылайык, экономкалык жактан өнүгүү үчүн приоритеттүү багыттардын бири болуп туризм тармагы саналат [6].

Каракол шаарында кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү үчүн биринчи максат болуп чыгарылган продукцияны ЕАЭБ өлкөлөрүнө чоң көлөмдө экспортко чыгаруу каралат. Ошондуктан кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү үчүн атайын чыгарган продукциясы сертификациядан өткөн, ЕАЭБ өлкөлөрүндө техникалык регламентке толук жооп берген айыл чарба багытында эмгектенген ишканаларга көңүл бурулушу шарт. Алардын арасында: 1) бал челекчилик продукциясы, 2) нак шире чыгаруу, 3) сүт продукциясын кайра иштетүү бар.

ЕАЭБ өлкөлөрүнө бал продукциясын экспортко чыгаруу жана эспарцет балынын сатылуусун жогорулатуу керек. 2020-жылга чейин ЕАЭБ өлкөлөрүнө жана алыскы чет мамлекеттерге экспорттолгон балдын көлөмү жылына 600 тоннаны түзгөн.

Каракол шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл областындагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү жана «Ак-Булак плюс» ЖЧК менен биргеликте сүт продукциясын ЕАЭБ өлкөлөрүнө экпортко чыгаруу жана чоң көлөмдө сатылышына көмөк көрсөтүү максатында сүттү кабыл алуу пункттарын көбөйтүү менен, кургак сүттү чыгаруу көлөмүн жогорулатат. Чийки сүттү кабыл алуудагы баанын

саясаты каралып, сүттү өткөрүп жаткан жана сүттү кайра иштетип чыгарган тараптын кызыкчылыктары бирдей болуусуна жетишүү керек.

Күнөсканалардын санын көбөйтүү менен, Каракол шаарында жайгашкан билим берүү мекемелеринде тарбияланган балдардын тамактануусун сапаттуу азык-түлүктөр менен камсыздоого жакшы шарттар түзүлөт.

Азыркы учурда Каракол шаарындагы кайра иштетүү тармагынын иштөөсү тазалоочу курулмалардын жоктугунан токтоп калуу кооптуулугуна ээ. Бул көйгөйгө сүттү кайра иштетүүчүлөр дуушар болууда. Ошондуктан шаардын экономикасынын өнүгүүсүнүн артыкчылыктуусу болуп тазалоочу курулмаларды куруу жана жаңы тазалоочу курулмаларды ишке киргизүү саналат.

Туризм тармагын өнүктүрүүдө төмөндөгү негизги багыттары аныкталып, сунушталат:

- тоо туризми;
- экологиялык туризм;
- маданий-тарыхый туризм;
- кышкы туризм.

Туризмди өнүктүрүү үчүн Каракол шаардык мэриясы бизнес өкүлдөрү менен туруктуу кызматташтыкта болуусу, туристтик тейлөө маданиятын жана инфраструктураны өнүктүрүүнүн сапатын жакшыртуу, жаратылышты сактоо жана шаардын тарыхый-маданий мурастарын, музей жана көргөзмө ишмердүүлүктөрүн жана кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү, туристтик кызматтар жана туристтик продуктылар тууралуу калктын маалымдуулугун жогорулатуу зарыл.

Каркол шаарынын экономикасын алдыга жылдыруу максатында республикалык деңгээлде «Түп-Кеген» постун ачып, тынымсыз ишке киргизүү зарыл. Ошондой эле тери иштетүү тармагын өнүктүрүү керек.

- Каракол шаары – өнөр жайы, орто жана чакан ишкердик тармагы динамикалуу өнүккөн, күчтүү экономикалык дарамети бар, жайкы туризм жана кышкы тоо лыжа кластери өнүккөн гүлдөгөн шаар;
- Каракол шаары – өзүнүн бизнес идеяларын ишке ашыра алган жергиликтүү ишкерлерди, жергиликтүү бийлик тарабынан колдоо алган жаш ишкерлерди өстүргөн шаар;
- Каракол шаары – жакынкы аймактар үчүн өнүгүү чекити катары өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын топтоочу жана кайра иштетип, сапаттуу, экологиялык жактан таза продукцияны өндүрүүчү жана экспортко чыгаруучу шаар.

**Колдонулган ресурстар:**

1. https://karakolcity.kg/
2. https://invest.gov.kg/kg/
3. http://www.stat.kg/kg/issyk-kulskaya-oblast/
4. https://ky.wikipedia.org/wiki/
5. https://population-hub.com/ru/kg/
6. Каракол шаарынын 2018-2022- жылдардагы өнүгүү программасы.